КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**II – сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2024-жылдын 20-декабры **№14** Түп айылы

**Түп айыл айылында кыймылсыз, кыймылдуу мүлк салыктарын киргизүү жана айыл чарба эмес жерлердин экономикалык пландоо зонасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша зоналдык коэффициентти аныктоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 4-пунктун, жетекчиликке алып, Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын II – сессиясы **токтом кылат:**

1. 2025-2026-2027 жылдарга Түп айыл аймагында айыл чарба багытындагы эмес жерлердин зоналдык коэффициентти ставкасы 2(эки) деп бекитилсин.
2. Түп айыл аймагында салыктык базалык ставка калктуу конуш ичинде 1.8, ал эми калктуу конуштан алысыраак жерлерде 1.6 деп бекитилсин ( Салык кодексинин 388 беренеси)
3. 2025-2026-2027 жылдарга Түп айыл аймагында экономикалык пландаштыруу зоналар боюнча Кз коэффициенти төмөндөгүчө бекитилсин:

- Май куйуучу бекеттер – 2
- Соода түйүндөрү – 2
- Дарыканалар – 2
- Тегирмендер жана буудай алуучу жана тазалоочу жайлар – 2
- Кафе, тамак-аш сатуучу жайлар – 2
- Машина оңдоочу жана желимдөөчү жайлар – 2
- Элге кызмат кылуучу жайлар, мекемелер жана башкалар – 2
- Банкттар, кредиттик уюмдар жана ломбарддар – 2
- Базарлар – 2
- Кашарлар – 2

4. Муниципалдык жерлерди ижарага берүү боюнча төмөнкүдөй баалар бекитилсин:

- Түп айылындагы муниципалдык жерлерди түз жолу менен соода сатыкка ижарага берүү:

Осмонов көчөлөрүнө 1м.кв. -200 (эки жүз) сомдон

- Башка көчөлөргө 1 м.кв. – 100 (бир жүз) сомдон

- Шаты айылындагы муниципалдык жерлерди түз жолу менен соода сатыкка ижарага берүү:
  - Нургазиев, Такабай көчөлөрүнө 1м.кв. -200 (эки жүз) сомдон
  - Башка көчөлөргө 1 м.кв. – 100 (бир жүз) сомдон
- Бирлик айылындагы муниципалдык жерлерди түз жолу менен соода сатыкка ижарага берүү:
  - Ленин, Тынчтык көчөлөрүнө 1м.кв. -200 (эки жүз) сомдон
  - Башка көчөлөргө 1 м.кв. – 100 (бир жүз) сомдон.
- Жашылдандырууга Түп айыл аймагы боюнча (алма бак, тал терек өстүрүүгө) ижарага алган жер тилкелери 1 жылга 10 м.кв. – 50 (элүү) сомдон.
- Дан майдалоочу жайлар 1 жылга 1 м.кв. – 50 (элүү) сомдон.
- Очоккана, гараж, кампа, зал 1 жылга 10 м.кв. – 400 (төрт жүз) сомдон.
- Автоунааларга май куйуучу жана газ толтуруу жайларга 1 айга 1 м.кв. – 200 (эки жүз) сомдон.
- Короо жай катары кошумча жер тилкесине 1 м.кв. – 100 (жүз) сомдон.
- Коомдук пайдаланууга жер тилкеси (кафелердин алды жана башка) 1 айга 1 м.кв. – 50 (элүү) сомдон.
- Мобилдик байланыш түйүндөрүнүн мунарасын орнотууга 1 айга 1 м.кв. – 600 (алты жүз) сомдон.(бир компанияга берилген жер тилкесине экинчи, үчүнчү ж.б. компанияларга дагы ушундай өлчөмдө)
- Завод, фабрикаларды курууга 1- жылга 1 га – 20 000 (жыйырма миң) сомдон
- Офис ачууга 1 айга 1 м.кв. – 1000 (бир миң) сомдон.
- Жарнама тактага:
  - Шайлоо учурунда 1 айга 1 м.кв. – 1500 (бир миң беш жүз) сомдон.
  - Туруктуу жарнамалык тактага 1 жылга 1 м.кв. – 1000 (бир миң) сомдон.

5. Берилген жер тилкесин максатсыз колдонулган учурда ижара акысын төлөө менен келишим бир тараптуу жокко чыгарылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Түп айылдык өкмөтүнүн башчысы Ч.Э.Джузеновго жүктөлсүн.

7. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаеваga милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**